УДК 339.727.22:330.34(575.2)(045/046)

М.Ж. МААДАНБЕКОВА
M.J. MAADANBEKOVA
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНА ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР

# PROBLEMS OF ATTRACTION OF INVESTMENTS INTO ECONOMY OF KYRGYZSTAN

*Бул макалада өлкөбүздүн экономикасына ивестицияларды тартуудагы көйгөйлөр каралган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *чет элдик инвестициялар, инвестициялык климат, инвестицияларды тартуу, каржылоонун булактары, ынгайлуу шарттар, жеке инвестициялар.*

*В данной статье рассмотрены проблемы привлечения инвестиций в экономику страны.*

***Ключевые слова:*** *иностранные инвестиции, инвестиционный климат, привлечение инвестиции, источники финансирования, благоприятные условия, частные инвестиции*

*In this article problems of attraction of investments into national economy are considered.*

***Keywords****: foreign investments, investment climate, attraction of investment, financing sources, favorable conditions, private investments.*

Ар бир өлкөгө инвестициялардын келиши, андан сырткары алардын колдонулушунун натыйжалуулугу бул өлкөдөгү инвестициялык климаттын абалы менен аныкталат. Кыргыз Республикасы акыркы жылдары кыргыз ишканаларына каражаттарын салгылары келип, бирок баш тартууга мажбур болушкан реалдуу чет элдик инвесторлорун жоготууга дуушар болгон[1]. Буларга себеп болуп:

- эң көп чыгымдар, башкача айтканда, Кыргыз Республикасында өндүрүштө атаандаштыктын жоктугу;
- кыргыз ишканаларында инвестицияларды каттоого алуудагы татаал жана чаташкан ыкмалар;
- Кыргызстандагы жетекчилердин жана чиновниктердин сөздөрү менен иштеринин дал келбөөсү ( көпчүлүк компаниялар мамлекетттик жетекчилердин, өкмөт мүчөлөрүнүн, министрликтердин жетекчилеринин инвесторлорго боло турган көйгөйлөргө сөзсүз түрдө жардам беребиз деп, ал эми ишке келгенде эч кандай жылыш болбой токтоп калаарын баса белгилеп келишет);
- Кыргызстандык ишканалардын жетекчилеринин чет элдик инвесторлор менен кызматташууда ар кандай иш аракеттеринде даярдыктарынын жоктугу, башкача айтканда менеджменттин (башкаруунун) деңгээлинин төмөндүгү;
- өлкөдөгү саясий кырдаал;
- коррупция деңгээлинин жогорулугу болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында бажылык тартипти жөнгө салуу эң бир көйгөйлүү маселе болуп эсептелет. Азыркы учурда импорттук товарларды ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн товарлары менен алмаштыруу боюнча долбоорду ишке ашыра турган чет элдик компаниялар чийки затка жана даяр продукцияларга коюлуп жаткан пошлиналардын ставкалары максатсыз экенин айтып чыгышууда[2].

Жагымсыз инвестициялык климат ар бир инвестиция алып келип жаткан өлкө үчүн чыгымдарга дуушар кылат, же болбосо алдын ала пландаштырылган же эсептелип

чыгарылган инвестициялык пайдаларды ала алышпайт жана иштелип жаткан капиталдык салымдын натыйжалуулугунун төмөндүгүн көрсөтөт.

Ошондуктан инвестициялык климатты активдештирүү жана жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй иш аракеттерди жүргүзүү зарыл;

- өлкөнүнүн мыйзамдуулугунун стабилдүү жана ачык системасын түзүү;
- менчиктин формасына карабай бардык инвесторлорго капиталдын натыйжалуу колдонулушуна жана экономикалык өнүгүүнүн туруктуулугуна жөндөмдүү боло турган бирдей атаандаштык шарттарды түзүү;
- бизнес иштерге себепсиз кийлигишүүгө тыюу салуу;
- инвесторлор үчүн тышкы соода жана салык тартибин жөнгө салуу;
- инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда инвесторлордун укугун жана кызыкчылыктарын коргой турган натыйжалуу мыйзамдуулукту ишке киргизүү;
- уруксат берүү системасын оптималдаштыруу;
- инвестициялык саясатты жүргузүүдөгү мамлекеттик түзүмдөрдүн иш аракеттеринин ачык айкындуулулугу;
- өлкөнүн эл аралык инвестициялык рейтингин жакшыртуу.

Саясий кырдаалды тескөөдө Кыргыз Республикасындагы потенциалдык инвесторлор үчүн чет элдик инвестицияларга жана чет элдик мүлктөрдү улутташтырууга болгон мамилелер эл аралык ар кандай маселелер боюнча, саясий бийликтин туруктуулулугу, экономикага мамлекеттин кийлигишүүсү боюнча жүргүзүлгөн мамлекеттик саясат чоң роль ойнойт.

Инвестиялык климатта мыйзамдарда көрсөтүлгөн чет элдик ишканалардын ишкердүүлүгүнө түздөн-түз чектөөлөрдүн коюлушу гана эмес, эки тараптуу түзүлгөн жана кабыл алынган мыйзамдуулуктун бузулушу инвесторлордун өздөрүнүн ишкердүүлүктөрүн болжолдоого мүмкүнчүлүк бербей келет, андан сырткары салынган инвестициялардын натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келет.

Инвестициялар үчүн социалдык чөйрөнү баалоодо коомдогу чет элдик инвестициаларга болгон мамилелердин көрсөткүчтөрү, өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсү боюнча негизги маселелер боюнча макулдашуулардын жоктугу, жумушсуздуктун денгээли, ар кандай нааразычылыктардын болушу чоң роль ойнойт[3].

Убакыт көрсөткөндөй, Кыргызстанда мамлекеттик программалардын чечилишине багытталган өкмөттүн кепилдиги астында инвестициялык ресурстарды тартуунун механизми, башка айтканда иштин жүрүшү натыйжалуу экендиги көрүнүп турат, анткени биздин республиканын донор өлкөлөр жана эл аралык каржы институттары, ошондой эле Кыргызстанга келип жаткан инвестициялардын реалдуу көлөмүнүнөн көрүнүп турат.

Мамлекеттик мүлктү жана тикелей чет элдик инвестицияларды тартууну башкаруу комитетинин системасы жана инвестициялык ресурстарды тартуу жана жөнгө салуу комиссиясынын мүчөлөрүнүн коллегиялык чечимдери дагы инвестициялык агымдардын жогорулашы үчүн дагы зор мааниге ээ.

Негизги көйгөй өкмөттүн кепилдиги астында тикелей чет элдик инвестицияларды тартууда мамлекеттин тышкы карыздарын жоюдагы мүмкүнчүлүктөрүнө келип такалат. Анткени жыл сайын биздин өлкө жаңы кредиттерди алууга дуушар болуудабыз.

Албетте, мамлекетибизге тышкы ресурстар керек, бирок булар өлкөбүздү тышкы карызга батыра турган чет элдик инвестициялар болбошу керек. Тилекке каршы, мамлекеттик инвестициялык комитет тикелей чет элдик инвестицияларды тартууда саналуу гана долбоорлорду тандап алган.

Казакстан, Иран, Өзбекстан сыяктуу башка өлкөлөрдүн инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча, чет элдик инвестицияларды тартуудагы ыкмалары жана механизмдери боюнча тажрыйбалары биздин өлкөбүзгө окшошуп кетет.

Ирландиянын рыноктору жана ресурстары инвестицияларды тартууга натыйжалуулугу жок болгондугуна карабай «One-stop-shop» системасын иштеп чыгышып, ошондой эле инвестицияларды кайсыл тармакка тартуу керектигин аныктап чыгышкан.

Башкача айтканда, Ирландиянын дүйнөлүк рынокто таасирдүү жарнамаларынан жана визалык көйгөйлөрдөн тартып, долборлорду даярдоонун, маалыматтык камсыздоонун, ишканаларды каттоонун, ошондой эле менеджменттин өнүгүүсүнүн негизинде чоң ийгиликтерге жетишкен. Адистештирилген бул агенттик тышкы чет элдик инвестицияларды тартуудагы көйгөйлөр менен гана алектенет. Өкмөт жылына бул агенттикке коп суммадагы каражат менен каржылап келсе, агенттик жылыга мамлекетке миллиондогон америка долларын тартып келүүдө[4].

Казахстан ресурстарга бай келгендиктен, инвестицияларды ички жана тышкы деп бөлө беришпейт, анткени ички инвесторлор кээ бир чет элдик инвесторлорго караганда көбүрөөк инвестициялык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Инвестициялар боюнча агенттик Казакстандын экономикасына каражаттарын салып жатышкан бардык инвесторлорду тейлөө менен алектенишет.

Демек, инвестицияларды тартуу механизми – бул чет элдик инвестициялардын булактары менен кардарларынын ортосундагы байланышты жакшыртуучу факторлордун көптүгү десек болот.

Эгерде биз экономикабызга инвестиция тарткыбыз келсе, анда башка өлкөлөрдөй миллиондогон каржылык ресурстарды, технологияларды алып келе турган өзүбүздүн инвестициялык жүзүбүздү көргөзүшүбүз керек.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй алгылыктуу иштер жүргүзүлүп жатат:

-рыноктук кайра түзүлүштүн жана макроэкономикалык стабилдүүлүктүн программасы акырындап ишке ашууда;

-толук либералдык соода режими, валютанын эркин алмашуу системасы жана капиталдын эч тоскоолсуз өтүүсү;

-либералдык инвестициялык режим болгондуктан, экономиканын бардык секторлору тышкы инвесторлор үчүн ачык болуп эсептелет;

-Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болгондон тартып Европалык Союз менен абдан тыгыз байланышта болууга шарт түзүлдү.

Ошондой эле, дагы бир белгилеп кете турган нерсе тышкы тикелей инвестициялардын аймактарга бирдей бөлүнбөгөндүгү, башкача айтканда бул же тиги аймактын бакубаттуулугунун деңгээлине түздөн-түз таасирин тийгизет.

Демек , бул тышкы инвесторлордун көз карашы менен алыскы региондорго инвестицияларды салуунун кажети жок же келечексиз дегенди түшүндүрөт. Албетте, жыйынтыгында миграциянын күчөшүнө, калктын социалдык абалынын начарлашына алып келет.

Европалык Реконструкциялоо жана Өнүгүү Банкынын, Бүткүл Дүйнөлүк Банкынын эксперттери тарабынан мурунку Союздук өлкөлөр боюнча инвестициялык климатты масштабдуу изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Кыргызстан акыркы орундарда турары маалым болду. Бул Кыргызстандагы инфляциянын деңгээлинин жогорулугу, алмаштыруу курстарынын стабилдүү болбогондугу, салыктардын жогору болушу, инфраструктуранын жеткиликтүү өнүкпөгөндүгү, коррупциянын өсүшү менен мүнөздөлөт. Инфляциянын өсүшү жана бюджеттик таңсыктык Өкмөт үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды жаратып келет. Кыргызстандын банк системасы дагы улуттук валютанын курсунун төмөндөшү менен начарлай түштү.

Кыргызстан бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кирүү менен чет элдик инвестицияларды тартуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болот. Бирок бул мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн тикелей инвестицияларды тартууга тоскоолдук кылган факторлорду жок кыла тургандай кылып инвестициялык климатты жакшыртуу зарыл.

Айта кетишибиз керек, республикабызда рыноктук кайра түзүлүүлөр экономиканын жана инвестициялык потенциалдын өнүгүүсүнүн макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн жакшырышына таасирин тийгизип келет. КРнын өкмөтүнүн максаттуу

иш аракеттеринин негизинде экономикабыздын секторлорунда жана тармактарында алгылыктуу өзгөрүүлөр байкалат.

Өкмөт тарабынан инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн «Лицензиялоо жөнүндө » мыйзамына дагы толуктоолор жана өзгөрүүлөр киргизилди.

Кыргызстандын экономикасына капиталдык салымдарды көбөйтүү каржылоонун бардык булактарынын эсебинен жүргүзүлүшү керек. Келечекте инвестициянын негизги булагы болуп мамлекеттик ишканалардын жана уюмдардын, жеке секторлордун өздүк каражаттары эсептелиниши керек. Башкача айтканда бул каражаттардын деңгээлин өнүккөн өлкөлөрдөй эле 50%га чейин көтөрүү зарыл.

Экономиканы каржылоонун негизги булактары болуп бюджеттик каражаттар эсептелет. Бул каражаттар негизинен өндүрүштүк эмес объектилердин курулушуна жумшалуусу керек, башкача айтканда бюджет каражаттарысыз социалдык комплекстердин тармактарынын өз убагында өнүгүүсү мүмкүн эмес [5].

Өткөөл мезгилде мамлекет инвестициялык каражаттарды социалдык сфераларга – турак жай курулушуна, саламаттыкты сактоого, маданиятты өнүктүрүүгө, илимге, ошондой эле калган бөлүгүн жеке ата мекендик жана чет элдик инвесторлордун өндүрүштүк сфераларын өнүктүрүүгө багыттайт.

Кыргызстан инвестицияларды тартуулардын көлөмүн көбөйтүү үчүн инвестициялык климатты алгылыктуу жакшыртуусу керек, башкача айтканда:

-жеке ишкердин эркиндигин;

-инвесторлордун кызыкчылыктарын коргоого болгон мамлекет тарабынан кепилдигин;

-ишканаларды каттоону жүргүзүүнүн ыкмаларын жеңилдетүүнү;

-чет элдик ишканалардын объектилерди менчиктештирүүгө катышуусун, жерлерди ижарага алууга мүмкүнчүлүктөрүн;

-баа түзүүнүн калыптанышын;

-инвестициялык долборлорду ишке ашырууда женилдиктердин каралышын камсыз кылуу болуп эсептелет.

## Адабияттар тизмеси


1. Касымова А. Прямые иностранные инвестиции в экономику Кыргызской Республики [Текст] / А.Касымова // Общество и экономика. - М.: 2012. - №2 - с. 83-91.

2. Инвестиции в Кыргызской Республике. 2008-2013 Нац. стат. ком. Кырг. Респ. [Текст] - Бишкек: 2013. – 103с.

3. Национальная стратегия устойчивого развития Кыргызской Республики на период 2013-2017 годы [Текст] – С. 104-107.

4. Ресурсы Национального статистического комитета КР [Электронный ресурс] Режим доступа: www.stat.kg

5. Министерство Финансов Кыргызской Республики [Электронный ресурс] Режим доступа: http://minfin.kg